## Машина куруучулардын күнүнө карата

# Оштун насосу өтүмдүү

**Оштогу насос чыгаруучу заводу союздун убагында аты алыска чыгып, көптөгөн продукцияларды тышка экспортко жөнөтүп турчу эле. 1998-жылы Ош облустук арбитраждык соту тарабынан завод банкрот деп табат. Бирок, заводдо көп жылдардан бери иштешкен кызматкерлер жана жумушчулар тарабынан 1998-жылы декабрда мурунку "АО машина" куруу заводунун активдүү бөлүгүнүн негизинде "ОсОО Ош насос" заводу болуп түзүлөт. 1998-жылы 25-декабрда кайрадан завод ачылып иштей баштайт.**


1998-2002-жылдарга чейин банкроттук процесс өкүм сүрөт. Заводдун жалпы аянты 8,3 гектарды түзгөн болсо, жарымынан көбү азыркы ишкерлер тарабынан ар кандай соода-сатык дүкөндөрү, базарлары курулду. Азыркы күндө заводко караштуу 3,4 гана гектар жери калды.




Быйылкы жылдын март айындагы төңкөрүштөн кийин көп ишканаларда жетекчилерди алмаштыруулар болду. Бирок, Оштогу насос заводунда, ынтымактуу жамааттын колдоосу менен башкы инженер болуп иштеп келген Байыш Абазовду бир добуштан шайлап алышты.

Байыш Абазов Бишкектеги политехникалык институттун механика бөлүмүн аяктаган. 1986-1988-жылдары инженер-технолог, 1989-1991-жылдары техбюронун начальниги. 1992-94-жылдары башкы технологдун орун басары. 1994-1998-жылдары башкы технолог. 1998-1999-жылдары бөлүмдүн начальниги. 2001-2005-жылдары башкы инженерлик кызматты аркалап келген.

2005-жылдын май айынан бери карай Ош насос заводунун директору болуп иштеп келатат.





Оштогу насос заводу быйылкы жылдын сегиз айында 5 млн. 467 000 сомдук ар кандай эл керектөөчү товарларды чыгарышты. Заводдо көбүнчө, жер алдынан суу тартуучу насостордун он төрт түрүн чыгарат. Завод көбүнчө, "Таза суу" программасы менен иштешкен жетекчилердин буйрутмасын аткарып беришет. Завод ишканалардын жетекчилери менен келишим түзүшүп, келишимдин негизинде иш алып барышат. Айрыкча, Ош, Жалалабат, Баткен, Талас, Ысыккөл облустарынан келишип буйрутмаларды беришет.



Заводдон эл керектөөчү чугунный люктар, суу түтүкчөлөрү, алюминий казандары, пластмассадан жасалган идиштин түрлөрү, тратуарларга бастырылуучу плиталар чыгарылат. Чыгарылып жаткан продукциялардын санын да, сапатын да жакшыртышып, рынокко чыгаруу үчүн иштешип жатышат. Заводдун келечеги бар. Насос заводу Ташкентке, Казакстанга чыгарган насосторун сатышат.



Ош насос заводунун бөлүмдөрү Бишкекте, Таласта, Жалалабатта, Ысыккөлдө, Кадамжайда ачылган. Жалалабаттагы насос заводунун бөлүмүндө Анарбай Сарыбаев, Таластагы бөлүмүндө Кенжебек Турсуналиев, Бишкектеги бөлүмүндө Сейит Капаровдор жетекчилик кылышат. Насостору бузулуп калгандар убара тартып Ошко келишпестен, насосторду оңдоочу-ремонттоочу бөлүмдөрүндө оңдотушат.

Заводдо иштешкен жумушчулардын иштери оор болгондуктан, аларга сүт азыктары берилип турулат. Жылына бир жолудан кийим берилет. Ал эми айлык акыларын болсо, иштегенине жараша алышат. Азыркы күндө 210дон ашык адамдар иштешет. Ишканада 80 пайыздан ашыгы он жылдан ашык убакыттан бери эмгектенишет.

Мындан ары заводдун ишин жакшыртуу үчүн эки чоң бизнес долбоор жазышкан. Биринчиси, насостун сапатын жакшыртып, аны көбөйтүү боюнча болсо, экинчиси, Акбуура насосун чыгаруу боюнча бизнес-долбоорун даярдашып жөнөтүшкөн. Бул боюнча Германия жана Иран өлкөсүнүн тиешелүү адистери менен иш жүргүзүшүүдө.

Насос заводунун ишин алдыга жылдыруу үчүн, өкмөттөн кредит алуу боюнча кат жолдошкон. Эгерде, кредит берилип калса, насос заводунан насостун түрлөрүн сапаттуу чыгарышып, элге кеңири жеткиришип, көпчүлүктүн талабын аткарышкан болот эле.

Ошондуктан, бюджеттик ишканаларда салыктын өлчөмүнүн көптүгүн Жогорку Кеңештин депутаттары, Министерстволор жана ведомстволор тарабынан каралып, азайтылса жакшы болот эле. Дегинкисин айтканда, иштеп жаткан мекеме-ишканаларга тоскоолдугун тийгизбей койбойт экен.

Заводдо көп жылдардан бери карай иштегендердин катарына токарь - Полянский Виктор Николаевич, слесарь-сборщик Усманов Мирсаит, тратуар плитасын чыгаруучулардын бригадири Бенолиев Адахам, Урмонов Абдималиктерди кошууга болот

Оштогу насос заводунун жамаатын кесиптик майрамдары менен куттуктап, ар дайым ишиңер алдыга арыштай берсин демекчибиз.

**Бурма ИСАКОВА**
**Бекмамат АЙДАРКУЛОВ (фото)**